Бишкек шаары
2002-жылдын 28-июну З N 830-II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУ ЖЫЙЫНЫНЫН ТОКТОМУ

## Кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия тарабынан берилген кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны токтом кылат:

1. Кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясы бекитилсин (тиркелет).
2. Кыргыз Республикасынын чегинде кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясын үйрөнүү ал басма сөздө жарыяланган күндөн тартып башталсын.
3. Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдар, уюмдар жана мекемелер кыргыз тилинин жаңы орфографиясын 2003-жылдын январынан тартып пайдаланууга тийиш.
4. 1953-жылдын 30-майындагы "Кыргыз тилинин орфографиясын бекитүү жөнүндө" Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы күчүн жоготту деп эсептелсин.

Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын
Төрагасынын орун басары Б.Худайбергенов